КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

С.НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

НАРЫНСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ С. НААМАТОВА

---

# БУЙРУК

____________________ №________________

## Окуу процессин уюштуруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-сентябрындагы №590 токтому менен бекитилген "Академиялык кредиттерди колдонуу менен жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарында окуу процессин уюштуруу жөнүндө" жобого, НМУ 2025-жылдын 7-апрелиндеги №01-4/73 "Академиялык кредиттерди колдонуу менен С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде окуу процессин уюштуруу жөнүндө" жобого ылайык окуу процессти натыйжалуу уюштуруу максатында, **буйрук кылам:**

1. Декандарга жана чет-тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжинин директоруна жүктөлсүн:
- 2026-жылдын 12-январынан 16-январына чейин студенттердин академиялык карыз сабактарын тапшырууну уюштурушсун;
- академиялык карыз сабактарын тапшырчу студенттердин рапортторун окуу башкармалыгына 2026-жылдын 12-январына чейин даярдап беришсин;
- 1-курстардын 30-59 балл (F+) алган студенттер академиялык карыз сабактарын кайра тапшырууга киргизилсин;
- сессиянын жыйынтыгы боюнча студенттердин жетиршкендиктерин (GPA) көрсөткүчү менен чогуу отчетту окуу башкармалыгына 2026-жылдын 20-январында тапшырышсын;
- 2026-жылдын 16-январына чейин 2-жарым жылдыктын окуу жүгүртмөсүн иштеп чыгып бекитишсин.

2. Окуу бөлүмүнүн офис-регистратору А.Батырбековага Ebilim порталынын иштөөсүн камсыздап берүү жүктөлсүн.

3. Кафедра башчылары 1-жарым жылдыктын жүктөмдөрүнүн аткарылышы боюнча отчетторун 2026-жылдын 25-январына чейин окуу башкармалыгына тапшырышсын.

4. 2026-жылдын 1-январынан-19-январына чейин студенттердин кышкы каникулу белгиленсин.

5. Жазгы семестрдин окуу процесси 2026-жылдын 19-январынан тарта башталсын.

6. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө окуу башкармалыгынын башчысы Ж.Ж.Усубалиевага жүктөлсүн.

Ректордун м.а К. Омурова

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-4/299, 30.12.2025

Кол койгон: Өмүрова К.О.